

# Семинардын темасы:

# Баалоо, баалоонун түрлөрү



# Семинардын максаты:

- Мугалимдерге окуучуларды баалоодогу баалоонун түрлөрүн ,максатын, мазмунун жана окутуунун эффективдүүлүгү үчүн калыптандыруучу баалоонун баалуулугун үйрөтүү.





# Семинардын милдети:



- Семинардын катышуучулары үчүн теманы үйрөнүүгө мотивация берүү.
- Калыптандыруучу жана суммативдик баалоонун критериялары менен тааныштыруу.
- Баалоонун түрлөрүн сабактын ар кайсы этаптарында практикалык көнүгүүлөр аркылуу көрсөтүү.
- Баалоонун критерияларын иштеп чыгуунун үйрөнүү.



T.Kornienko

# Күтүлүүчү натыйжа



- Тренингдин катышуучулары төмөнкүлөрдү  аткара алышат:
- Калыптандыруучу  баалоонун өзгөчөлүктөрүн  аныктоо;
- Калыптандыруучу баалоо менен жыйынтыктоочу жана диагностикалык баалоону айырмалоо;
- Калыптандыруучу баалоонун компоненттерин бөлүп көрсөтүү;
- Сабактарда калыптандыруучу баалоонун ыкмаларын колдонуу;
- Калыптандыруучу баалоонун натыйжаларын каттоо.



T.Kornienko



# Окутуу-суммативдик баалоо, окутуу үчүн баалоо-формативдик баалоо

# Ф. Ницше: «Жашоо - баалоо»





1-? Баалоо деген сөздү кандай түшүнөсүңөр?

2-? Окуучуларды кайсы факторлордун негизинде баалайсыңар?

3-?Мугалим үчүн баалоонун кандай мааниси бар?





Баалоону кайдан кездештиребиз?





Ашпозчу тамак жасап жатканда даамдаганы – бул калыптандыруучу баалоо,
ал эми ошол тамактын ичилгени – бул жыйынтыктоочу баалоо



# Практикалык иш



- Мугалимдерге гүл  тартуу сунушталат.
- өзүңөрдүн  ишиңерди  баалагыла.
- бири - бириңерди баалагыла ,
- группада баалагыла.
- эмне үчүн ушундай баалаганыңарды айтып бергиле



# Рефлексия



- Өзүңөрдүн алган бааларыңарга ыраазысыңарбы?
- Текшерүү иштерди баалоонун  жыйынтыгына нааразы болгон балдар кездешкен кырдаалдар болду беле?
- Бул кырдаалдардан кантип чыгасыңар?





- Балдар ар бир эле сабакта бааланабы?
- Балдар тигил же бул баанын эмне себептен коюлганын түшүнүшөбү?
- Андан кийин сүрөттү төмөнкүдөй критерийлер боюнча баалаңыз:





- Жалбырактын толтурулушу

Толук барак-3 упай
Барактын жарымы -2 упай
Барактын үчтөн бир бөлүгү - 1 упай

- Түс схемасы

4 түстөн ашык-3 упай
2-3 Түстөр-2 упай
1 түс - 1 упай

- Дене бөлүктөрүнүн саны

5бөлүктөн ашык -3упай
3-4бөлүк - 2упай
1-2 болүк -1упай



**Баалоо** менен окутуу бири-бирине тыгыз

байланышта. Баалоонун үч түрү бар: диагностикалык, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу. Булар бири-бири менен тыгыз байланышта, бири-биринен көз каранды. Диагностикалык баалоонун натыйжасы болбосо, мугалим калыптандыруучу баалоону тийиштүү деңгээлде колдоно албайт. Ал эми сабак учурундагы калыптандыруучу баалоонун сапаты жыйынтыктоочу баалоонун натыйжасына таасирин тийгизет. Баалоонун бул ырааттуулугун сактоо менен окутууда жогорку деңгээлге жетишүүгө мүмкүн







**Диагностикалык баалоо** – адатта окуу жылынын башында, теманы, бөлүмдү өтөрдүн алдында жүргүзүлөт. Даигностикалык баалоонун максаты – программа боюнча теманын, бөлүмдүн же предмет боюнча курстун башында окуучулар окутуу максаттарына карата салыштырмалуу кандай деңгээлде болгондугун аныктоо болуп эсептелет. Окутуу планына окуучулардын муктаждыктарына жараша өзгөртүүлөрдү киргизүү же окутуудагы, окуудагы кыйынчылыктарды алдын ала сезип, аларды жеңип чыгууга мүмкүнчүлүк берет.





**Калыптандыруучу баалоо** күн сайын ар бир сабакта колдонулат. Окуучунун окуганын түшүнүүсү калыптандыруучу баалоонун түрдүү ыкмаларын колдонуу менен сабак учурунда бир нече жолу текшерилет. Калыптандыруучу баалоо баа коюу үчүн эмес, окуу процессинде пайда болгон көйгөйлөрдү аныктоо үчүн жүргүзүлөт. Калыптандыруучу баалоонун натыйжалары мындан аркы окутууну пландаштыруунун каражаты болуп эсептелет. Калыптандыруучу баалоонун ыкмаларынын ар түрдүүлүгү жана аларды ишке ашыруунун универсалдуулугу окуучуларды окуу процессине шыктандырган түрдүү сабактарды пландаштырууга өбөлгө түзөт. Калыптандыруучу баалоо ар бир окуучунун натыйжалуу билим алуусуна шарт түзөт.



# Эмнени билдирет?



| Диагностикалык баалоо | Калыптандыруучу баалоо | Жыйынтык-тоочу баалоо |
|---|---|---|
| Окуучулардын учурдагы компетентүүлүктөрүнүн калыптануу деңгээлин аныктоо (класстык журналга баа коюлбайт) | Бул баалоо окутуу процессинде окуучунун жетишкендиктерине байкоо жүргүзүү, талдоо, мында да баа коюлбайт. | Жыйынтыктоочу баалоодо мугалим окуучуга баа коёт. |



# Качан колдонулат?



| Диагностикалык баалоо | Калыптандыруучу баалоо | Жыйынтыктоочу баалоо |
| --- | --- | --- |
| Тема өтөрдүн алдында, чейректин, окуу жылынын башында, жаңы класс же окуучу менен иштеп баштаганда. | Сабак учурунда дайыма, үзгүлтүксүз жүргүзүлөт. | Теманын, бөлүмдүн, чейректин, окуу жылынын аягында. |



T.Kornienko

# Тапшырма боюнча чагылдыруу:

- -Баалоо түшүнүктүү болду беле?
- -Сиз жасаган баалоону кантип атоого болот?
- - Баалар канчалык айырмаланды жана эмне үчүн?
- - Сизге кандай баа берүү оңой болду жана эмне үчүн?
- - Кайсы баа сизге жакты жана эмне үчүн?



T.Kornienko

# Эмне үчүн колдонулат?



| Диагностикалык баалоо | Калыптандыруучу баалоо | Жыйынтыктоочу баалоо |
|---|---|---|
| **Окуучулардын деңгээлин аныктоо жана мугалимдин (календардык, сабактык) пландарын оңдоп-түзөө мүмкүнчүлүгүн берет.** | Окуучулардын жетишкендиктерине байкоо жүргүзүү жана окутуу процессин (сабактардын пландарын) ыңгайлаштыруу, өзгөртүүлөрдү киргизүү, оңдоп түзөө мүмкүнчүлүгүн берет. | Окуучулар окутуу процессинде эмнелерди үйрөнгөнү жөнүндө маалымат берет. |




Калыптандыруучу баалоо
Жеке окуп үйрөнүү процессине окуучалардын активдүү катышуусу
Өзүн-өзү жана бирин-бири баалоо
Кайтарым байланыш
Окуучулардын шыктануусуна баалоонун тийгизген таасири
Окутуу процессин ондоп-түзөө
T.Kornienko



# Тыныгуу, физ минутка

- "Ийгилик кырдаалын" түзүү 10 мүн
- Семинардын эки катышуучусуна эшиктен чыгып кетүүнү сунуштайм, алар сүрөттү өтө начар тарткандар ,ал эми башка катышуучулар биринчиси сөз менен, экинчиси тескерисинче.
- Аларга бир тапшырма берилет: уйдун сүрөтүн тартуу сунушталат, андан кийин жасаган иши үчүн аларга баа берүүнү суранам.



# Семинардын катышуучуларына суроо:



- Колдоо же мактоо окуучунун ишине кандай таасир этиши мүмкүн?
- Колдоо же мактоо деген эмнени билдирет?
- Тапшырма боюнча чагылдыруу:





Ошентип, Урматтуу кесиптештер! Баалоо көйгөйү жана анын объективдүүлүгү окутуу практикасында мугалимдерге жана окуучуларга окутуунун ийгилигин баалоо үчүн өзгөчө маанилүү. Мугалим үчүн баалоо ,предметке болгон кызыгууну өчүрбөө, окуучусунун өзүнө карата мамилесин өркүндөтүүгө түрткү берүүсү маанилүү.



T.Kornienko



- Баалоо мугалимдин колундагы курал болушу керек, ал окуучуга билим жолунда жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Бул, айрыкча, билим берүү парадигмасынын өзгөрүшү аркылуу мугалим окуу процессинин борборунда турган моделден окуучулар жараткан жана мугалим жетекчилик кылган моделге өткөн азыркы этапта өзгөчө маанилүү.



T.Kornienko

# Жыйынтыктоочу Рефлексия 5мин

- Эгер балдарды гүл деп элестетсеңиз …
- өсүмдүктөрдүн жыйынтыгы – бул аларды өлчөө. Өлчөө натыйжаларын салыштыруу жана талдоо кызыктуу болушу мүмкүн, бирок бул өсүмдүктөрдүн өсүшүнө эч кандай таасир этпейт.
- Документациясы – өсүмдүктөрдүн муктаждыктарына туура келген багуунун жана сугаруунун эквиваленти, бул алардын өсүшүнө түздөн-түз таасир этет.

T.Kornienko

# Метод "бүтпөгөн сүйлөмдөр", "Светофор".



- Иш-аракеттерди жөндөө
- Сиңүү деңгээлин билдирүү
- Пикирлерди камтыйт
- Отчет берүү
- Мугалим жалгыз баалоочу эмес
- Баа берүүнү камсыз кылат
- Окутууну өркүндөтүүгө багытталган
- Жыйынтыгын чыгарууга багытталган
- Окуучулардын күчтүү жана алсыз жактарынын себептери
- Ченемдик документтерге негизделген
- Байкоо
- Жетишкендиктин белгиленген ченемдерге катышы





- Көңүл бурганыңарга рахмат!

